# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2026-жылдын 30-январы　　　　　　　　　　　　　　　　Бишкек шаары

**№ 01-25/2**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 4-ноябрындагы №26- токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндөгү Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 4-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндөгү Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м  к ы л а т:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин ишин бирдей жана жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндө Жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1**. 1-Бөлүмдүн 1-3-пункттары - 1.1.-1.3.-пункттары деп саналсын;
- 2-Бөлүмдүн 4-9-пункттарын - 2.1.-2.6-пункттары деп саналсын;
- 3-Бөлүмдүн 10-11-пункттарын - 3.1.-3.2.-пункттары деп саналсын;
- 4-Бөлүмдүн 12-17-пункттары - 4.1.-4.6-пункттары деп эсептелсин;
- 5-Бөлүмдүн 18-35-пункттарын - 5.1.-5.18.-пункттары деп эсептелсин.

**1.** 2-Бөлүмдүн 2.1.жана 2.2.-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

*“*2.1 Кеңештин курамы Жогорку соттун төрагасынын сунушу боюнча Пленум тарабынан бекитилет.

2.2. Кеңеш Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынан, төраганын орун басарларынан жана судьяларынан, жергиликтүү сотторунун судьяларынан, отставкадагы судьялардан, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринен, юрист-окумуштуулардан түзүлөт: Кеңеш төраганын, секциялардын жетекчилеринин, катчы жана Кеңештин мүчөлөрүнүн курамында иш алып барат. Зарыл болгон учурда Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасынын, ошондой эле анын орун басарларынын жана Кеңештин катчысынын сунушу боюнча укук коргоо органдарынын, юстиция органдарынын кызматкерлери, адвокаттар, юрист-практиктер, ошондой эле башка квалификациялуу адистер Кеңештин ишине катыша алышат.*”,* андан ары текст боюнча.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы　　　　　　　　　　　　　　М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы　　　　　　　　　　　　　　Т.Т. Чаргынова**